Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2027-жылга жана 2028-2029-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММК фонду) 2027-жылга бюджети кирешелер боюнча 12 863 307,8 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча 12 863 307,8 миң сом суммасында 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2-берене**

ММК фондунун 2028-2029-жылдардын пландык мезгилине бюджети 2-тиркемеге ылайык жактырылсын.

**3-берене**

ММК фондунун 2027-жылга бюджетинин киреше бөлүгү 3-тиркемеге ылайык түзүлсүн.

**4-берене**

ММК фондунун 2027-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү 4, 5-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

**5-берене**

ММК фондунун 2027-2029-жылдарга программалык негиздеги бюджетинин долбоору 6-тиркемеге ылайык жактырылсын.

**6-берене**

1. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен ММК фондуна өткөрүп берилүүчү ассигнованиелердин өлчөмү төмөнкүдөй суммада белгиленсин:

1) 2027-жылга – 2 057 870,4 миң сом;

2) 2028-жылга план – 2 057 870,4 миң сом;

3) 2029-жылга план – 2 057 870,4 миң сом.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен ММК фондунун бюджетине өткөрүп берилүүчү каражаттардын көлөмү төмөнкүдөй суммада белгиленсин:

1) 2027-жылга – 8 399 303,4 миң сом;

2) 2028-жылга план – 8 875 138,8 миң сом;

3) 2029-жылга план – 9 378 422,4 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду ММК фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча келип түшкөн каражаттарды жыл ичинде өз убагында толук көлөмдө которууну камсыз кылсын.

**7-берене**

1. ММК фондунун бюджетинин 2027-жылга карата жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчасынын көлөмү 699 942,0 миң сом суммасында белгиленсин.

2. Жыл ичинде пайда болгон жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча жыл ичинде болгон табигый кырсыктарга, кыйроолорго, террористтик актыларга жана башка өзгөчө кырдаалдарга байланыштуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларын финансылык камсыз кылуу менен кризистик кырдаалдар келип чыккан учурда ММК фондунун чыгашалар боюнча милдеттенмелерин аткарууга багытталсын.

**8-берене**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети төмөнкүдөй сунуштарды киргизүүгө укуктуу:

1) ушул Мыйзамдын 1-беренеси менен бекитилген суммалардын чектеринде ушул Мыйзамдын тиркемелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдоруна жана (же) тескемелерине ылайык ушул Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдын долбоору киргизилгенге чейин киреше булактарын көрсөтүү менен кечиктирилгис иш-чараларды аткаруу үчүн зарыл болгон бекитилген бюджеттен тышкары кошумча каржылоо жөнүндө;

3) Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин киреше бөлүктөрү аткарылбаган учурда, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин каражаттарынан ассигнованиелердин жана милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүлөрүнүн өлчөмдөрүн азайтуу жагына өзгөртүү жөнүндө.

**9-берене**

Ушул Мыйзамга жылына эки жолудан көп эмес өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган бюджеттик жөнгө салуу жөнүндө мыйзамдардын жоболорун аткаруу камсыз кылынсын. Мында биринчи өзгөртүү учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнунан кечиктирбестен, экинчиси – 1-ноябрынан

кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилүүгө тийиш.

**10-берене**

Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө абал/өзгөчө кырдаал киргизилген мезгилде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуу боюнча ушул Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечимдерин кабыл алуу жолу менен ММК фондунун бюджетинин параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын ортосунда бюджеттик каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуктуу деп белгиленсин.

**11-берене**

Сот органдарынын чечимдери боюнча жеке жана юридикалык жактардын аткаруу баракчалары боюнча төлөмдөр тиешелүү саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлсүн.

**12-берене**

Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык жана башка кызматтарга төлөмдү эсептөө үчүн 2027-жылга колдонулуучу базалык ченемдер 7-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**13-берене**

1. Келишимдик негизде көрсөтүлгөн кызматтар үчүн саламаттык сактоо уюмдарынын бюджеттерин түзүүнү жана аткарууну башкаруу жана акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр боюнча ыйгарым укуктар ММК фондуна жүктөлөт.

2. ММК фондунун жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын эсептериндеги пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары кезектеги бюджеттик жылга которулат.

3. ММК фонду бюджетти аткаруу процессинде Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарына келишимдик негизде көрсөтүлгөн кызматтар үчүн өз убагында жана толук акы төлөө үчүн жоопкерчилик тартат.

4. ММК фондунун бюджетинин каражаттарын максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу үчүн жоопкерчилик Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине жүктөлөт.

5. Саламаттык сактоо уюмдары жана ММК фонду тарабынан бюджеттик жөнгө салуу чөйрөсүндөгү, ошондой эле саламаттык сактоо жана медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу

менен колдонулган каражаттар алар берилген тиешелүү бюджеттин кирешесине которулууга тийиш.

6. ММК фонду жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарына ушул Мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин жылдын башында атайын эсептерде топтолгон каражаттардын калдыгын пайдаланууга уруксат берилсин.

**14-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланууга тийиш жана 2027-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**